" Б Е К И Т Е М И Н "

Кыргыз Республикасынын
Экономика жана коммерция
министринин орун басары

Туманов М.К.

"25" ноябрь 2025-ж.

**Илимий натыйжаларды, илимий-техникалык иштерди, илимий жана илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын ишке ашыруу жөнүндөгү**
**АКТ**

1. **Ишке ашыруунун автору** Омошев Төлөгөн Теңирович.
2. **Илимий изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин, илимий жана илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын аталышы.** Агроөнөржай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде божомолдоонун аймактык көйгөйлөрү
3. **Кыскача аннотация.** Кыргызстан агрардык мамлекет болгондуктан анда айыл чарбасы жетектөөчү ролду ойнойт жана анын өлкөнүн ички дүң продукциясынын өсүшүнө олуттуу таасири бар экендиги талашсыз. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти башкаруу тутумунун абалын теориялык-методологиялык жана уюштуруучулук-усулдук, Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүнүн шарттарында улуттук инновациялык тутумунун максаттарына жетишүүгө багытталган экономиканын инновациялык тутумун калыптандырууну жана андан ары өнүктүрүүнү изилдөөдө, жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен агроөнөр жай комплексин мамлекеттик жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууда турат. Аймактык экономиканын өнүгүшүнө жана иштешине, ошондой эле экономикадагы чарба жүргүзүүчү субъекттердин инновациялык ишмердүүлүгүн башкаруу тутумунун колдонулуусуна теориялык талдоо жүргүзүүнүн негизинде автор тарабынан чыгарылган корутундулар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин стратегиялык пландоо ишмердүүлүгүндө аныкталган көйгөйлөрдү экономикалык-математикалык ыкмаларды жана МКТны колдонуу менен чечүү маселелерин жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет.

4. **Ишке ашыруунун натыйжасы.** Диссертацияда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен экономиканын негизги тармактарынын бири болгон агроөнөр жай комплексиндеги илимий-техникалык прогрессти өнүктүрүү боюнча келтирилген сунуштар төмөнкүлөргө мүмкүндүк берди: а) өндүрүштү рыноктук мамилелерге ыңгайлаштырууда башкаруунун автоматташтырылган тутумдарынын ролун, агроөнөр жай комплексин колдоонун аймактык маалыматтык тутумундагы экономикалык-математикалык моделдештирүүнүн ролун жана ордун аныктоого, агроөнөр жай өндүрүшүндө жана маркетинг чөйрөсүндө бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзүүнүн, башкаруу жараяндарын маалыматташтыруунун уюштуруучулук-усулдук жана инструменталдык негиздерин өркүндөтүүнүн зарылдыгын белгилөөгө; б)рыноктун жаңы шарттарында айыл чарба өндүрүшүнүн аймактык экономикалык байланыштарынын алкагындагы моделдөө ыкмаларын өркүндөтүүгө; в)түптөлгөн божомолдук эконометрикалык моделдерди аймактык башкарууда товар өндүрүүчүлөрдүн экономикалык тобокелдиктерин жана аймактын азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыз кылуусунун деңгээлин баалоодо колдонууга; г)маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын илимий-техникалык прогресстин учурдагы жетишкендиктерине ылайык иштешин уюштурууга; г)ишти натыйжалуу жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө.

5. **Ишке ашыруу орду жана убактысы.** Бул иш-чаралар Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин стратегиялык пландарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө колдонууга мүмкүн.

6. **Ишке ашыруу формасы.** Диссертациянын жүрүшүндө автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар ведомствонун стратегиялык пландарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштамалар катары Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине сунушталган.

**Кыргыз Республикасынын**
**Экономика жана коммерция**
**министрлигинин тышкы байланыштар**
**башкармалыгынын башчысы** **Максутов У.С.**

**Кыргыз Республикасынын**
**Экономика жана**
**коммерция министрлигинин**
**салык саясаты башкармалыгынын**
**башчысы** **Исмаил уулу Н.**